## Мугалимдердин жана окуучулардын этикалык ченемдери

Окуучулардын мектеп ичинде жүрүүсү, алардын сырткы келбети, тазалыгы, окуу куралдар менен камсыз болушу, бирдиктүү мектеп формасы. Ошондой эле пандемия учурунда окуучулурдын маска, антицептиктер менен камсыз болушу жана аралыктан окутууда эрежелердин сакталышы. Мектеп ичинде кызматкерлердин этикалык-эстетикалык жүрүм-турумдарын жөнгө салууда кызматкерлердин иш-аракеттеринен көз каранды.

### Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

-жалпы билим берүү уюмун ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун таризин тандоого;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын денгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы орто билим алууга;
-кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде алууга;
-жалпы билим берүү уюмунун китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;
-Кыргыз Республикасынын өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн женилдиктерин пайдаланууга;
-уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
-инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигин, өзүнүн жеке көз карашын ынанымдарын эркин айтууга;
-жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.

### Мугалимдер төмөнкүлөргө укуктуу:

-окутуунун жана тарбиялоонун усулдарын, жалпы билим берүү программаларын, окутуу-усулдук комплекттерди, окуучулардын билимин баалоонун усулдарын өз алдынча тандоого жана колдонууга;
-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын, окутуу жана тарбиялоо усулдарынын негиздеринде автордук жалпы билим берүү программасын, окуу китебин, окутуу-усулдук колдонмолорун иштеп чыгууга жана колдонууга;
-алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды жүзөгө ашырууга;
-өзүнүн кадыр-баркын жана кесиптик ар-намысын коргоого;

-кесиптик иши үчүн тийиштүү шарттарды талап кылууга;

-Кыргыз Республикасынын тийиштүү мыйзамдарына ылайык өз ыктыяры менен аттестацияланууга;
-уставында аныкталган тариздe жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
-Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабыл алган кошумча социалдык кепилдиктерге жана женилдиктерге.